| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин VII чакырылышындагы V кезектеги сессиясы**

**ТОКТОМ**

2024-жылдын 25-июну №37 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагынын келишим менен мурдатан бери иштеп келе жаткан кызматкерлердин штатын жана эмгек акысын бекитүүгө, "Достук" эс алуу паркына багбанчы кызмат ордун ачууга жана аксакалдар сотторун бекитүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын Ак-Терек айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы К. Абдыраевдин сунушун угуп жана талкуулап Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Келишим менен мурдатан бери иштеп келе жаткан кызматкерлердин штатын жана эмгек акысын бекитүүгө, "Достук" эс алуу паркына багбанчы кызмат ордун ачууга жана аксакалдар сотторун бекитүүгө макулдук берилсин.

2. "Достук" эс алуу паркынын багбанчысынын эмгек акысы айына 15 000 (он беш миң) сом, аксакалдар сотунун төрагасынын эмгек акысы айына 2500 (эки миң беш жүз) сом мүчөлөрүнүкү эмгек акысы айына 1000 (бир миң) сомдон бекитилсин.

3. Токтомду аткаруу жагы Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Ж.Ж. Зарнаевге жүктөлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Р.А.Молдобаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б.Б. Барыктабасов**

**Жооптуу катчы** **М.Б. Эсеналиева**